Университетте өткөрүлгөн иш-чаралардан сырткары “Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алгандыгынын 30 жылдыгына арналган КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы жана КР Жогорку Кеңеши тарабынан уюштурулган конференцияларга, “Ала-тоо 24” жана “5-канал” уюштурган түз эфирлерге активдүү катышуу уюштурулду.

**10.09.2019-ж.** КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы жана КР Жогорку Кеңеши тарабынан уюштурулган “Мамлекеттүүлүк жана мамлекеттик тил” аталышындагы илимий-тажрыйбалык конференцияга катышуу уюштурулду.

**23.09.2019-ж.** “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамдын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармонияда өткөрүлгөн салтанаттуу жыйынга университеттин жамааты катышты.




**24.09.2019-ж.** “Ала-тоо 24” каналында өтүлгөн мамлекеттик тил мыйзамынын аткарылышы, мамлекеттик тилди техникалык окуу жайлары окутулушу, заманбап технологияларды колдонуу маселелердин алкагында болгон түз эфирге Өнүгүү жана мамлекеттик тил боюнча проректору Б.Төрөбеков катышты.

**24.09.2019-ж.** 5-канал уюштурган **“Мамлекеттик тилге 30 жыл”** аттуу түз эфирге Кыргыз тили кафедрасынын доценти А. Ү. Исмаилов катышты. Мамлекеттик тил мыйзамынын аткарылышы, мамлекеттик тилди ЖОЖдордо окутулушу, учурдагы колдонулуп жаткан заманбап технологиялар, жаңы китептер жөнүндө сөз болду.

**11.10.2019-ж. Маалымат технологиялар факультетинин** 1-курсунун студенттери Кыргыз радиосу КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия менен биргеликте уюштурган “Тилим менен улутмун” аттуу студенттер аралык радиовикторинага И.Арабаев атындагы КМУнун 2-курсунун студенттери менен ат салышып, өздөрүнүн билиминин кучтүүлүгүн көрсөтүшүп, жеңүүчү аталышты.




## ЭНЕ ТИЛИМ – КӨӨНӨРБӨС ДИЛИМ

Университетте Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик тили жөнүндөгү” Мыйзамынын, “Кыргыз Республикасында “2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасынын” жана КМТУнун Окумуштуулар кеңешинде кабыл алынган “КМТУда 2015-2020-жж. мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн Программасын” аткаруу боюнча укуктук-ченемдик актыларды ишке ашырууда тиешелүү конкреттүү иш-аракеттер жүргүзүлүп жатат.




Мамлекеттик тилде окуу процессин кеңири өнүктүрүү максатында өтүлгөн сабактарда кыргыз тилиндеги заманбап технологияларды, маалыматтык каражаттарды, программалык материалдарды жана инновациялык методдорду колдонуу учурдагы зарыл милдеттердин негизгиси болуп саналат.

Мыйзамдык - ченемдик талаптарды аткаруу шартында мамлекеттик тил университеттин иш-мердүүлүгүндө толук колдонулуп, документтик башкаруу системасында тиешелүү иш кагазда-ры менен коштолушу абзел.

Бишкек шаары, Ч.Айтматов көчөсү, 66
И.Раззаков атындагы КМТУ,
Мамлекеттик тил бөлүмү
0312 54-51-22
www.kstu.kg

**И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети**




# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛГЕ 30 ЖЫЛ

Бардык билим берүү мекемелеринде кыргыз тилинде азыркы заманбап методика менен жаңы техникалык каражаттарды колдонуу аркылуу окутууга өтүүнү тездетүү өлкөбүздөгү 30 жылдык маарекенин иш-чарасында негизги милдеттердин бири катары белгиленди.

Бишкек - 2019



Кыргыз тили – мамлекеттик тил деген статуска ээ болгонуна 30 жыл толду. Улуттук филармонияда “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алгандыгынын 30 жылдыгына арналган салтанаттуу аземи болуп өттү. Бул иш-чарага КР Президенти С.Ш.Жээнбеков, КР Өкмөтүнөн, КР Жогорку Кеңешинен, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиядан, министрликтерден, ЖОЖдордун өкүлдөрү катышышты.

КР Президенти С.Ш.Жээнбеков, кыргыз тилин – мамлекеттик тил катары дагы бекемдеп, өнүктүрүү үчүн тиешелүү милдеттерди ишке ашыруу зарылдыгын белгилеп кетти:

- “...Жарандарыбызга мамлекеттик тилде сабаттуу жана сапаттуу кызмат көрсөтүүгө милдеттүү болгон кызматкерлердин тил сабаттуулугун көтөрүү үчүн чечкиндүү кадамдарга барышыбыз зарыл. Кыргыз тили боюнча программадагы милдеттерди кылдат талдап, баардык мамлекеттик органдардын аткарган ишине баа берүү зарыл”.
- “...Массалык маалыматты жайылтуу, коомдук ар кандай иш-чараларды өткөрүү, мекемелерде иш кагаздарын жүргүзүү – негизинен мамлекеттик тилде болушу абзел. Юридикалык, экономикалык, технологиялык жана башка тармактарда кыргыз тилин өркүндөтүү зарыл. Биз өз тилибизди азыркы заман талабы менен айкалыштыра билүүгө милдеттүүбүз”.
- “...Тилди сактап, жашоо турмушубузга кеңири жана терең киргизүү – баарыбыздын милдетибиз. Үй-бүлөдөн тартып, коомдук бардык институттардын милдети”.
- “...Кылымдарды карыткан кыргыз тили, “коомдо өзүнүн тарыхый ордун ээледи” деп айтууга эртелик кылат. Аны өлкөдөгү бардык этностор үчүн орток тил кылуу үчүн аткара турган милдеттер арбын”.

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК ДӨӨЛӨТҮ




**Уюштуруу-башкаруучулук иштер**

• Университетте мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн концептуалдык негиздерин түзүү менен жыйынтыктуу башкаруу системасын колдонуу аркылуу ишмердүүлүктүн тиешелүү багыттары боюнча иш-аракеттер жүргүзүлүп жатат.
• Окумуштуулар кеңешинин токтомдору негизинен мамлекеттик тилде даярдалат.
• Профессордук-окутуучулар курамы жана студенттик кадрлар бөлүмүндөгү буйруктар мамлекеттик тилде чыгат.
• бардык түзүмдөрдө мамлекеттик тил маселелери боюнча атайын жооптуу кызматкерлер дайындалып, алардын иш регламенттери бекитилген.
• түзүмдүк бөлүмдөрдө иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча бир топ иш-аракеттер жүргүзүлүүдө.

**Окуу-илимий багыттарындагы ишмердүүлүк**

• Окуу процессин методикалык камсыз кылуу үчүн 2019-ж. жалпысынан 43 окуу китептери даярдалып чыгарылды, анын ичинен 6 окуу китеби КР ББжИМ тарабынан каржыланып басмадан чыккан.
• 31 сабак кыргыз тилинде жүргүзүлөт, 22 окуу-усулдук комплекстер, силлабустар түзүлдү
• 2018-2019-окуу жылында университетте кыргыз тилинде 50 окуу-усулдук колдонмолор даярдалып чыккан.
• 21 илимий макалалар жарыяланып, 9 дипломдук иш кыргыз тилинде жакталып, аннотациялар киргизилди
• Мамлекеттик тилде окуу-өндүрүштүк, кесиптик жаатында иш кагаздарын жүргүзүүдө колдонууга керектүү окуу-усулдук, түшүндүрмөлүк ж.б. максатта методикалык колдонмолордун, китептердин жана сөздүктөрдүн ж.б. электрондук булактары чогултулуп, колдонууга даярдыктар жүргүзүлүүдө.

**Мотивациялык жана аткаруучулук ишмердүүлүктү өнүктүрүү иш аракеттери**

Окуу процессинин методикалык камсыздоону мотивациялык колдоо максатында кыргыз тилинде басылып чыккан окуу китептерге, иштелмелерге сынак жарыяланып, анын жыйынтыгы жылдын аягында чыгарылат. Жеңүүчүлөргө материалдык жана моралдык колдоо каралган.

**Маданий-массалык иш-чаралар жана студенттер менен иштөө**

КМТУда "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамдын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата бир айлык иш – чаралар жарыяланган.



**26.09.2019-ж. "ЭНЕ ТИЛИ БОЛБОСО, АТЫ АТАЛБАЙТ УЛУТТУН"** аттуу маданий музыкалуу салтанаттуу кече болуп өттү. Кечеге КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын төрагасы Н.Ишекеев жана уюштуруу иштери боюнча бөлүм башчысы А.Ишеналиева катышышты.



"... Кесиптик билим берүү окуу жайларында кыргыз тилин кесиптик кыргыз тили катары окутууга өтүү – кечиктирилгис чаралардан. Бул көйгөйдү чечүү түздөн-түз кесиптик билим берүү менен байланышкан. Андыктан жогорку билим берүүнүн ушул этабында адистерди даярдоо жүргүзүлөт жана алардын кесиптик ой жүгүртүүсү калыптанат.

*Ибраимова Г.Ү. - КР ББжИМнин Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы*



Технологиялык факультеттин деканы, химия илимдеринин доктору Т. Ш. Жунушалиева, Кыргыз тили кафедрасынын доценти Н. Б. Айтбаева, Инженердик компьютердик графика кафедрасынын башчысы, профессор Ш. Д. Жумакадыров "Кыргыз тил" төш белгиси менен сыйланышты.



КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын Ардак грамотасы менен ТТИнин директору Койчуманова Ж. сыйланды

**Мамлекеттик тилдин 30 жылдыга карата салтанат музыкалык программа менен коштолду.**



Кыргыз тили кафедрасынын башчысы Жумагул к.Айнура элдин назарын толтуруп, жакшы чыгармасын тартуулады.

Сабаттуу жазууга үндөө жана өркүндөтүү максатында **"Мен - сабаттуумун"** аттуу окутуучулар арасында жат жазуу акциясы, **"Элсиз тил болбойт, тилсиз эл болбойт"** аттуу 1-курстар арасында дил баян жазуу сынагы, "Эне тилим – эстелигим урабас" аталыштагы көркөм окуу сынагы, 1-курстун студенттери арасында **"Ырдайлы кыргыз ырларын"** жана **"Манас"** эпосунан үзүндү айтуу сынагы, **"Эң мыкты дубал гезит"** галереясы, 1-курстар арасында **"Эне тил барда, элим бар"** аттуу тегерек стол жана студенттер арасында **"Кыймыл менен сүйлөгөн, кыргыз бийин үйрөнөм"** аталыштагы флешмоб уюштурулган.







**"Мен - сабаттуумун"** аттуу окутуучулар арасында жат жазуу акциясынын жеңүүчүлөрү



**27.09.2019-ж.** Политехникалык колледжинин жамааты тарабынан майрамдык концерт болуп өттү. Бул иш-чара «Сары өзөн» бийи менен жана Умай эненин коштоосу менен башталды. Чакан концерттик программадан соң эң мыкты дубал гезиттер конкурсу жыйынтыкталды жана жеңүүчүлөргө белектер тапшырылды.

Университетте 2018-2019-о.ж. жалпысынан кыргыз тилинде 57 маданий-массалык иш-чара өткөрүлгөн.

**Тил саясатын өркүндөтүү**

Көп тилдүүлүктү колдоо, жаштарды дүйнөлүк тилдерди үйрөнүүгө шыктандыруу, тил үйрөнүү аркылуу билим берүүнү жакшыртуу, маданиятты көтөрүү, улуттар аралык ынтымак, достук, кызматташтыкты чыңдоо максатында 2019-ж. 19-22- февраль күндөрү университетте "Эл аралык эне тил" жумалыгы жарыяланып, анын алкагында ар кандай иш-чаралар уюштурулду. КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия жана КМТУ тарабынан "Мамлекеттик тил сариптештирүү доорунда" аталышында республикалык илимий - тажрыйбалык конференция болуп өттү.

**Маалыматтык камсыздоо**

Университетте Мамлекеттик тил бөлүмүнүн астында «Тил times» гезитинин №3 саны кыргыз тилинде жарыкка чыкты. Гезитке КМТУда "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" **КР Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына** карата өткөрүлгөн иш-чаралары, университеттин мамлекеттик тилди өнүктүрүү жаатындагы аткарылып жаткан маалыматтары, ошондой эле **КМТУнун 65 жылдык маарекесине** арналган ар түрдүү тематикадагы макалалар, жаңылыктар ж.б. маалыматтардын топтому чагылдырылып турат. Гезиттин электрондук варианты университеттин сайтына да жайгаштырылды.



Өткөрүлгөн иш-чаралар убагында маалымат каражаттарына, университеттин, мамлекеттик тил комиссиясынын сайтына, "Кут билим", "Кыргыз тили" жана «Тил times» гезиттерине жайгаштырылып турат.

